**ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ, № 3, 2012**

*Абдрашев А.Б., Култаева Р.*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН ИЛИМИЙ КИТЕПКАНАСЫ -ӨЛКӨНҮН ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ПОТЕНЦИАЛЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖАНА КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ФАКТОРУ

*A.B. Abdrashev, R. Kultaeva*

# SC1ENTIFIC LIBRARIES IN INSTITUTIONS OF HIGHER EDUCATION - FACTOR IN THE FORMATION AND DEVELOPMENT OF INTELLECTUAL CAPAC1T1ES TRIED

*УДК: 711.57*

*Макалада азыркы замандын жогорку окуу жайларынын китепканаларынын негизги аткарган кызматы ошондой эле анын өлкөнүн интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүнүн жана калыптандыруунун фактору экендиги каралган.*

*The article deals with modern features libraries of higher educational institutions, and this factor in the formation and development of intellectual capacities of countries.*

Учурда дүйнө цивилизациясы тез өзгөрүп ааламдашуу доорунда билим берүү чоң роль ойноодо.

Билим бул- улуттун, өлкөнүн келечегин, тагдырын чече турган маселе жана коомубуздун күзгүсү, азыркы маалыматташтырылган коомдо билим адамзаттын иш аракеттеринин эң кеңири таасир берүүчү чөйрөсүнө айланып олтурат.

Коомубуздун өзгөрүшү менен билим берүү тармагы да көп өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Азыркы мезгилде билим берүүнүн социалдык ролу да эң жогорку денгээлде өзгөрүлдү, себеби, адамзаттын өнүгүүсүнүн келечеги, билимдин туура жана натыйжалуу багыттарына байланыштуу болууда.

Билим берүү, айрыкча жогорку билим, коомдогу социалдык жана экономикалык прогресстин эң башкы жетектөөчү фактору катары каралууда.

Жаңы коомдогу эң негизги баалуулуктарынын бири жана эң негизги капиталы бул адам экендигин биз дайыма түшүнүшүбүз керек.

Билим берүү системасы атуулдардын социалдык абалынын жакшырышына, экономикалык гүлдөп өсүшүнө жана өлкөнүн келечектеги өнүгүүсүнө негиз салат. Ошондуктан, бүгүнкү күнү, мамлекетибиз, жогорку билим берүү системасынын алдына, мезгил талабына ылайык жогорку квалификациядагы мыкты адистерди даярдап чыгаруу эң жооптуу милдетти коюууда. Азыркы мезгилдин жаңылануулары өздөштүрүүнүн ресурстук булагы жана билимди ар тараптан өнүктүрүүнүн негизи болуп интеллектуалдык потенциал эсептелет. Билим берүү чөйрөсү коомдун өсүшүнүн стратегиялык орду болуп эсептелет, себеби ал ар кандай прогресстин натыйжалуу каражаттарын жаратат, эң маанилүү маалыматтык ресурс-адамдык потенциал.

Азыркы замандын жогорку окуу жайларынын китепканаларынын негизги миссиясы-билим берүүнүн субъектилери болгон- адамдык жана коомдук интеллекти калыптандыруу жана өнүктүрүү процессин интеллектуализациялоо менен аныкталат. Учурдун талабы боюнча жогорку окуу жайлардын китепканасынын маалымат, билим берүү мейкиндигинде негизги милдеттери күндөн-күнгө өзгөрүлүүдө. Бүгүнкү күнү компьютер-

дик технологиялар жогорку окуу жайлардын китепканаларына дүйнөлүк маалымат мейкиндигине интеграциялоонун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачып берди.

Мезгилдин талабы боюнча жаңы билим берүүнүн негизи болуп маалыматтык жана илимий билимдер, ал эми негизги аспабы болуп-маалыматтык технологиялар болуу менен жогорку окуу жайлардын китепканалары Кыргызстандагы маалыматты калыптандыруунун субъектиси болуп калат.

Интеллектуалдык потенциал-өлкөнүн ресурстарынын , маанилүү тармактарынын, жеке инсандын интеллектуалдык, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүүсүнүн дэңгээлин мүнөздөөчү комплекс. Азыркы коомдун интеллектуалдык потенциалы билим берүүнүн жана агартуунун, илимдин, маданияттын, коомдун генетикалык фондунун системаларынын өнүгүп өсүү дэңгээли менен аныкталат. Интеллектуалдык потенциал коомдун интеллектуалдык иш аракеттеринен мүнөздөлүп көрсөтүлөт.

Азыркы ааламдашуу доорунда прогрессивдүү илим билимге умтулган, мезгил талабына татыктуу адистерди тарбиялоодо жана сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда жогорку окуу жайлардын китепканаларынын ролу эбегейсиз чоң.

Эгемендүү Кыргызстаныбызда окутуунун, тарбиялоонун жаңы технологияларынын комплексин колдонуу менен илимий-практикалык, маданий жана адеп-ахлактык деңгээли бийик, өзүн-өзү өстүрүүгө толук жөндөмдүү, жогорку квалификациялуу адис-кесипкөйлөрдү даярдап чыгаруу аракеттери сөзсүз түрдө китепкана тармагы менен байланышта каралат. Билим берүү бүтүндөй биздин коомчулуктун, өлкөбүздүн өнүгүүсүнүн негизи.

Азыркы жаңыланган коомдо маалыматсыз жана китепсиз билим алууну элестетүү мүмкүн эмес.

Учурда маалымат технологияларынын дүркүрөп өсүшүнө карабастан китеп адамзаттын эң баа жеткис кенчи. Биздин руханий байлыгыбызды муундан муунга мурас кылып калтырган бул китеп, эзелтеден адам баласы бардык тажрыйбасын, адамзат цивилизациясынын өнүгүү этаптарын тизмектеп бири-бирине китеп аркылуу беришкен.

Кыргызстанда, эң негизгиси, китепканалар, калктын социалдык абалын жакшыртууда, алардын руханий дүйнөсүн байытууда, жарандардын толук жарамдуу билимге ээ болушуна, илим менен техниканын, маданияттын өнүгүшүнө, өлкөбүздүн жана башка мамлекеттердин руханий дөөлөттөрүн бири-бири менен алмашууда эң күчтүү фактор болуп калууда.

Дүйнөлүк масштабда XXI кылым-билимдин, илимдин жана маалыматтык технологиянын кылымы, адамзаттын ишеничтүү кадам менен маалыматтык коомго кирүү кылымы деп аталып жатканда коомубузда, анын ичинде билим берүү тармагында көп өзгөрүүлөр болуп жаткан кезде, жогорку окуу жайлардын китепканалары, китеп менен окуу тарбиялык процессти жана илимий иликтөөлөрдү маалымат менен камсыз кылуучу, ошондой эле билимди, руханий жана интеллектуалдык карым-катнашууну, маданиятты жайылтуучу борбор, жогорку окуу жайлардын эң негизги структуралык бөлүнүшү болуу менен катар, өздөрүнүн иш процессинде чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. Азыркы жогорку окуу жайлардын заманбап китепканалары маданий жана өзгөчө профессионалдык билимдин биримдигин камсыз кылуу менен социалдык компетенттүү, маалыматтык сабаттуу инсандын калыптанышына көмөктөшүп, үзгүлтүксүз жана өзүнчө окуп билим алуунун эң башкы, негизги базасына айланууда.

Билим берүү функциясын аткаруу менен китепканалар таанып-билүүнүн универсалдуу ыкмаларынын бири болуу менен бирге, маалыматтык коомду өнүктүрүүнүн чыныгы интеллектуалдык каталогизатору болуп интеллектуалдык потенциалды калыптандыруунун булагы болуп калышты.

Китепкана-адамзат коомуна эзелтеден элибиздин нукура рухий нарк дөөлөттөрүн, ата-бабабыздын тарыхын, маданий мурастарын кылымдардан кылымга сактап келген акыл ойдун азыгы, билимдин казынасы болуп келген.

Китепканалар ар бир мамлекеттин улутунун интеллектин өнүктүрүүдөгү зарыл маселелерин чечүүчү эң башкы объект болуп эсептелет. Ал эми бүгүнкү мезгилдеги улуттун интеллектуалдуу потенциалы-биздин мамлекетибиздин өнүгүүсүнүн эң керектүү ресурсу.

Кыргызстандын китепканаларынын тарыхы мамлекетибиздин тарыхы менен тыгыз байланышта өнүгүп, улутубуздун сыймыгы болуп келген.. Мамлекетибиз өз алдынча эгемендүүлүккө ээ болгон мезгил ичинде китепкана иши да башка тармактардай эле көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Учурда өлкөбүздө жүрүп жаткан саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөрдүн алкагында Кыргызстандын китепкана ишинде да алгылыктуу иштер жүргүзүлүп, китеп байлыгы көздүн карегиндей сакталып, китепкана ишинде да жаңылануу процесси жүрүүдө.

Бүгүнкү демократияланган коомдо адамдардын мамилесин, инсандын акыл, рухий дүйнөсүн байытуучу китепканалар социалдык институт катары өз ордун таап, калктын бардык катмарын маалымат менен камсыз кылууда бирдей мүмкүнчүлүктү түзүүгө аракет жасашууда.

Азыркы учурда маалымат коомдун жана мамлекеттин өнүгүү денгээлин аныктай турган негизги ресурс болуп саналып турганда, маалыматтык технологияларды өнүктүрүүнүн азыркы этабында электрондук маалымат жогорку окуу жайлардын китепканаларынын ишмердүүлүгүн справка-маалыматтык тейлөө чөйрөсүндө артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп калды. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын илимий китепканаларында компьютердик технологияларды ишке киргизүү менен жогорку окуу жайлардын китепканалары өнүгүүнүн жаңы этабына өтүштү.

Жаңыланган маалыматтык коомдо, Жалал-Абад мамлекеттик университети да, өлкөбүздү ар тараптан өнүктүрүү үчүн жогорку билимдүү кесипкөйлөрдү даярдоодо ар кандай багыттагы адистерди чыгаруучу салттуу окуу жайы катарында, аймактын жаңы муундагы билим, маалымат берүүчү, илимий жана маданий борборуна айланды.

Баарыбызга белгилүү болгондой, Кыргызстанда билим берүүнүн сапатын дүйнөлүк стандартка алып чыгуу актуалдуу маселе болуп турганда, ЖАМУ да, Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайларындай эле, жогорку билим берүүнүн Европалык стандартына Болон процессине, же болбосо окутуунун бакалаврдык жана магистрдик системасына өттү.

Европалык стандартка өтүү-окутуунун жаңы технологияларынын пайда болушуна, билим алуу чөйрөсүнүн өзгөрүшүнө, окутуу процессине зарыл болгон жаңы талаптардын пайда болушуна шарт түзөт. Ошондуктан жогорку квалификациядагы адистерди маалыматтар менен камсыз кылуу университеттин китепканасынын сапаттуу жана туруктуу иштешине жараша болот.

Бүгүнкү күнү ЖАМУнун китепканасы-университеттин бардык колдонуучуларына азыркы замандын эң маанилуу маалыматтарынын электрондук жана традициялык түрлө-рүнөн колдонууга мүмкүнчүлүк берүү менен бирге китепканалык-маалымат тейлөөсүн жүзөгө ашырып, окутуунун сапатын камсыз кылууда жана окуу жайдагы окутуу жана тарбиялоо процессинин негизги базасына айланды.

ЖАМУнун китепканасы азыркы замандын талабы боюнча аткарып жаткан кызматы кеңейгендигине байланыштуу китепкана-маалымат Борбору деп аталып калды.

Азыркы убакта ЖАМУнун китепканасынын жалпы фонду **695633** нусканы түзөт , негизги бөлүгү окуу адабияттары жана **16698** электрондук ресурстар менен толукталган.

Жылына **4921** даанадагы китептер, ар түрдүү басылмалар, **104** төн ашуун электрондук ресурстар сатылып алынат. Анын ичинен **2347** нуска журнал, китеп жана башка электрондук маалымат басылмалары жана башка маалыматтык ресурстар белекке алынат.

Жылыга Кыргызстандын, Россиянын мезгилдүү басылмаларынын **77** аталыштагы журналдарына жана **31** аталыштагы газеталарына, электрондук База Топтомдоруна жазылуу жүргүзүлөт. Китепкананын фонду китепканалык ондук классификация-сына (ББК) ылайык классификацияланган жана алфавиттик-предметтик, систематикалык жана электрондук каталогдордо чагылдырылган.

Жаңыланган Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын китепканаларынын иш процессинде жаңы маалыматтардын технологияларын өнүктүрүүдө чет өлкөлүк жогорку окуу жайларынын тажрыйбалары чоң мааниге ээ болууда.

ЖАМУнун китепканасы да, Европалык өнөктөштөрдүн жардамынын негизинде, 2006-жылдын 1-сентябрынан-2010-жылдын 31-мартына чейин, Бишкектеги И.Раззаков атындагы Кыргыз техникалык, Ысык-Көл мамлекеттик университтетеринин китепканалары менен бирге Евросоюздун TACIS программасынын бюджетинен каржыланган «KYRLIBNET» евродолбоорунун алкагында,биргелешкен ТЕМПУС UM-JEP-26219 «Кыргызстандын университеттик китепканалардын арасындагы китепканалык маалымат ресурстары менен алмашуу» 3 жылдык инновациялык евродолбоорго катышып иш алып барды.

«KYRLIBNET» евродолбоорун иш жүзүно ашырууда, долбоордун Кыргызстандагы негизги координатору болуп , Бишкектеги И. Раззаков атындагы КТУ болду.

Долбоордун негизги максаты болуп-Кыргызстандын университеттик китепканалары-нын КТУ, ЖАМУ, ЫМУ жана башка биригүүчү жогорку окуу жайларынын китепкана-ларынын ортосунда түзүлгөн корпоративдик тармактар аркылуу кызматташтыкты күчөтүү эле.

Долбоор негизинен 3 европалык өнөктөш мамлекеттердин окуу жай жана мекемелеринин жардамы менен иш жүзүнө ашты:

1. Университет Ницца-София Антиполис (Франция)
2. Университет Прованс, Марсель шаары-китепканачылардын квалификациясын жогорулатуунун регионалдык Борбору-CRECB-(Франция).
3. Документтердин Улуттук Борбору-Афина (Греция).

Долбоордо белгиленген эң негизги максаттарга ылайык, эл аралык стандартка туура келүүчү,китепканада үч заманбап электрондук документтерди жөнөтүү, кабыл алуу, электрондук документациялар бөлүмдөрү жана илимий-техникалык маалыматтарды окутуу жана жайылтуу борбору түзүлдү.

Бүгүнкү убакта ЖАМУнун КМБнын түзүлүш структурасында жаңыланган 5: электрондук каталог жана маалымат ресурстарын өнүктүрүү (ЭКРИР), библиография жана электрондук документациялар бүлүмү (БЭД), илимий-техникалык маалыматтарды окутуу жана жайылтуу борбору (ЦОРНТИ), электрондук документтерди жүнүтүү, кабыл алуу жана маалыматтарды башкаруу системасы (ЭДД и ИСУ) – КАА - китепканалар аралык абонементи, тейлөө функционалдык бөлүмдөр иштейт.

Учурда университеттин китепканасынын тейлөө бөлүмүндө 5 окуу абонементи, 500 орунга ылайыкташтырылган 6 окуу залы, Интранет, Интернетке туташтырылган, 22 компьютер менен жабдылган 2 электрондук окуу залы, 1 китепкана пункту окурмандардын суроо-талаптарын камсыз кылуу кызматында.

**«KYRLIBNET»** евродолбоорунун алкагында колдонуучуларга китепкананын тары-хын, түзүлүш-структурасын, маалымат ресурстарынын электрондук каталогдорун, ар бир адистиктер боюнча керектүү маалымат ресурстары жана электрондук китептери менен таанышууга шарт түзүү үчүн, китепкананын өздүк WEB-сайты түзүлгөн ( 2007-жылы иштелип чыккан - www.Jasulib.org.kg ). КМБнын ЖАМУнун борбордон чет жактагы факультеттеринде 4 филиалы бар.

Бүгүнкү күнү китепкана евродолбоордун алкагында маалымат алуунун дүйнөлүк стандартына ыңгайлашкан 30 заманбап компьютер, жана китепкананын иш процессине зарыл болгон көп функционалдуу түзүлүш (сканер+принтер+копир) -1, проектор “Epson” -1 техникалык жабдуулар менен жабдылды жана китепкананы автоматташтыруу системасынын программалары, 2006-жылы КМБ, «Сорос-Кыргызстан» фондунун грантынын эсебинен АБС «ИРБИС» системасынын 2 программасына ээ болсо , 2011-ж. **«KYRLIBNET»** евродолбоорунун жардамы менен гранттык негизде АБС «ИРБИС-64» системасынын 5 программасы менен камсыз болду.

Учурда ЖАМУнун китепканасы 38 компьютер, лазердүү принтер- 1, көп функционалдуу түзүлүштөгү (сканер+принтер+копир) -4, проектор “Epson” -1, сканер- 1-техникалык жабдуулар менен жабдылып, локалдык жана Интернет UNLIM уюлдук байланыштары менен иш алып баруууда.

CD-ROM, ЖАМУнун профессордук - окутуучулар курамынын илимий эмгектери-нин, окуу китептеринин толук текстүү электрондук версияларынын, Интернеттин

электрондук бекер ресурстарынын адистиктер боюнча шилтемелеринин, электрондук окуу китептердин, Интернеттин тармагы боюнча ОсОО «Electronic Information Technologies» lib. eit. kg сайтынан сунуш кылынган электрондук окуу китептеринин тандалма тобунун жана «ТОКТОМ-Универсал-Лайт» - КРнын нормативдик укуктук документтеринин, «УДК», «КРнын закондору» База Топтомдорунан түзүлгөн электрондук жана маалымат ресурстары менен толукталып туруучда.

Китепкананын колдонуучуларына китепкананын ресурстарын пайдаланууга болгон мщмкщнчщлщктёрщн камсыз кылуу максатында, китепкананы автоматташтыруу системасынын "ИРБИС"программасы боюнча китепкананын китеп жана башка маалымат ресурстарынын База Топтомдору боюнча электрондук каталогу түзүлүп, бүгүнкү күнү **12566** маалымат ресурстары түшүрүлүп жана ар дайым жаңыланып толукталып турат.

Жалпы китепкананын колдонуучуларын компьютерди, Интернетти пайдалануу боюнча, электрондук каталогдор, электрондук документациялар менен иштөөгө, китепкананын маалымат системасын башкара билүүгө, адистиктерине ылайыктуу маалыматтарды издөөгө, менчиктүү WEB-сайты менен иштөөгө үйрөтүү үчүн KYRLIBNET» евродолбоорунун алкагында илимий-техникалык маалыматтарды окутуу жана жайылтуу Борбору негизделген. Азыркы мезгилде китепканада электрондук документацияларды пайдалануу, Интернет жана компьютерлик сабаттуулуктун негиздери, ЭК жана АБС «ИРБИС» менен иштөө**,** китепканада китепканалык ресурстар менен иштөө, **а**втордук укук окутуучулар, студенттер үчүн, WEB 2.0, электрондук китепкана, **ОсОО «Electronic Information Technologies», Интернеттин lib. eit. kg** сайтынан сунуш кылынган электрондук окуу китептеринин тандалма тобунан пайдалануунун ыкмалары боюнча окутуу курстарынын модулдары иштелип чыккан, 2 модуль евродолбоордун алкагында евроөнөктөштөрдүн катышуусунда иштелген.

Жылына ЖАМУнун китепканасынын окутуу борборунан төмөнкү аталган модулдар боюнча **958** ден ашуун окурмандар окуудан өтүшөт, алардын ичинде Жалал-Абад шаарынын башка окуу жай жана мекемелеринен да бар.

**2010- жылдын 31-мартында** долбоор ийгиликтүү аяктары менен ЖАМУ, КТУ, ЫМУ жана дагы башка, Кыргызстандын бириккен 6 жогорку окуу жайларынын маалымат ресурстары менен биргелешип алмашып пайдаланууга жана бул долбоорго кирген Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын китепканаларынын китепканалык- маалымат ресурстарын жана материалдарын күнү-түнү жайгаштырууга , кеңири маалымат алуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлүп, Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын китепканаларын ортосундагы байланышты бириктирүүчү KYRLIBNET» Евродолбоорунун бирдиктүү сайты түзүлдү (www.kyrlibnet.kg). Долбоордун бирдиктүү сайты ачылуу менен долбоордун Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын маалымат ресурстарынан пайдаланууга дүйнөнүн бардык булуң бурчунан мүмкүндүк берүү жөнүндө эң негизги милдети иш жүзүно ашты.

ЖАМУнун китепканасы «KYRLIBNET» евродолбоорунун алкагында, Кыргызстандын университеттик китепканаларынын биргелешкен юридикалык «Ассоциация Кирлибнет» Ассоциациясын түзүүчүлөрүнөн болуп, (негизги түзүүчүлөрү жана уюштуруучулары болуп Кыргызстандын үч жогорку окуу жайларынын китепканалары: И. Раззаков атындагы КТУ, ЖАМУ, ЫМУ) мамлекеттик юридикалык каттоодон өткөн болсо, **2011-ж.15-июнунда** университеттин китепканасы Кыргызстандын башка китепканаларын бул Ассоциацияга мүчө болуп кирүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүү максатында, Кыргызстандын китепканаларынын биргелешкен юридикалык «Электрондук китепканалардын ассоциациясы» Ассоциациясын түзүүчүлөрүнөн болуп, мамлекеттик юридикалык «Электрондук китепканалардын ассоциациясы» каттоодон өтүп, каттоо күбөлүгүн алуу менен бирге Кыргызстандагы электрондук китепканалардын ассоциациясын уюштуруучуларынын жана түзүүчүлөрүнүн бири болуп калды.

Евродолбоор аяктаары менен, долбоордун негизги максаттарында белгиленгендей Ассоциацияга Кыргызстандын 6 китепкансы мүчө болуп кирсе, учурда Кыргызстандын **11** китепканасы мүчө (Кыргыз Улуттук китепканасы, И. Раззаков атындагы КТУ, ЖАМУ, К. Тыныстанов атындагы ЫМУ, Ж. Баласагын атындагы КУУ, Кыргыз Славян

университети, Н. Исанов атындагы КГУСТА, М. Адышов атындагы ОшТУ, Нарын МУ, Кыргызстандын Эл аралык университети, Кыргызстандын мамлекеттик патенттик-техникалык китепканасы).

ЖАМУнун китепканасынын окурмандарына электрондук каталогго кирщщ мщмкщнчщлщгщ «KYRLIBNET» евродолбоорунун бирдиктүү сайты аркылуу жщргщзщлёт, себеби долбоордун каражатынан сатылып алынган Joomla—ИРБИС (J-ИРБИС) атайын байланыш программасы Бишкектеги КТУнун китепканасынын базасында жайгашкан. Бул Joomla—ИРБИС (J-ИРБИС) программасын сатып алуу менен KYRLIBNET» евродолбооруна кирген университеттин китепканалык мааалыматтык ресурстарын бир жерге топтоп түшүрүүгө жана бир жерден издөө системасы аркылуу жайылтууга мүмкүндүк бере алды.

ЖАМУнун китепканасы учурда Кыргызстандын 11 электрондук китепканалары менен маалымат ресурстарын алмашып пайдалануу боюнча кызматташып иш алып барууда.

Азыркы мезгилде «KYRLIBNET» сайтынын электрондук каталогуна, КМБнын электрондук каталогунан жалпы **12566** маалымат ресурстары жана **325** ден ашык ЖАМУнун профессордук-окутуучулар курамынын эмгектеринин электрондук версиялары түшүрүлдү, түшүрүү улантылууда.

Бүгүн ЖАМУнун китепканасы илим, маданият жана билим берүүнүн керектөөсү үчүн маалыматтык-китепканалык тейлөөнүн натыйжалуу методдорунун бири, жаңы маалымат технологияларынын каражаттарын пайдалануу менен, маалымат ресурстарынын электрондук каталогун түзүү менен бирге ресурстарды сактоочу, маалымат берүүнүн глобалдуу түйүнү аркылуу колдонуучунун жетишине ыңгайлуу болгон электрондук документтердин түрдүү коллекцияларын топтоо, сактоо жана натыйжалуу колдонууга мүмкүндүк берүүчү электрондук китепкана-маалымат Борборуна айланды.

Евродолбоордун алкагында, ЖАМУнун КМБ нын 25 китепканачысы жана IT адистери Евросоюздан жана Бишкек шаарындагы И. Раззаков атындагы КТУ нун китепканасынын базасында евроөнөктөштөрдүн катышуусуунда сынактык окуулардан өтүшүп, тажрыйба алышып,бүгүнкү күндө ЖАМУнун китепканасында жаңы технологиялардын каражаттары менен пайдаланып окурмандарды маалымат менен камсыз кылуунун үстүндө иштешүүдө.

Бүгүнкү, ааламдашуу доорунда, маалыматтык тенденция абдан жогору көтөрүлүп, маалымат менен массалык -маалымат каражаттары билим алуунун активдүү шарты болуп калган учурда, Кыргызстаныбыз жогорку билим берүүнүн Европалык стандартына өтүү мезгилинде, Жалал-Абад мамлекеттик университети жана мамлекетибиздин интеллектуалдык потенциалын калыптандыруунун булагы болгон китепкана-маалымат Борбору өлкөбүздөгү дүйнөлүк глобалдашкан системага интеграциялоого өзүнүн татыктуу салымын кошо бермекчи.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын граждандарын китепканалык-информациялык тармактар боюнча тейлөөнү укуктук жактан камсыз кылуу: КРнын китепканачыларынын коомдук бирикмеси. – Бишкек, 2002.-28-35, 41- 48-бб.

2. Резюме. Конференция распространения: Бишкек, 23-24-25 июня 2004. Материалы заключительной конференции Темпус-Тасис проекта «Модернизация университетской библиотеки», посвященной распространению результатов первого проекта БИЦ КТУ им. И.Раззакова.

3. Рахматуллаев М. Интернет и библиотечно-информационные ресурсы в культуре, образовании и бизнесе: Международная конференция «Central Asia -2002» Библио-Пульс.- Б., 2003-№1.-с. 25-28.

4. Ысыккөл-2007: «Китепканалар жана коомду демократизациялаштыруу». 8- Эл аралык конференциясынын материалдары.- Чолпон-Ата, Кыргызстан, 1-5-октябрь 2007.

5. Кыргыз Республикасынын жарандарынын китепкана-маалыматтык тейлөөдө маалыматтык-коммуникациялык технологиянын ролу жана орду – Б., 2007. – 27- 54-б.

5. Библиотечно-информационное образование Кыргызстана: состояние и перспективы. Материалы научно-практической конференции посвященной 60-летию библиотечного образования и 45-летию научной и педагогической деятельности профессора Шаймергеновой Т. А.- Б., БГУ им К. Карасаева, 2008.

6. Постнова Е.А. Поддержка образования для устойчивого развития через усиления Сети информационных центров и библиотек // Библио-Пульс.- Б., 2008.-№1-2- с.6-7.

8. Эсенаманова С.К. Китепкана эл байлыгы // Библио-Пульс.-Б., 2008.-№1-2.-8-9-б.

9. Ашыралиев А.А. Китепкана жана маалыматтык коом // Библио-Пульс-Б., 2008.-№1- 2.-27-34-б.

10. Давлетярова Н.А. Кылым карыткан кыргыз китепканалары бүгүн жана келечекте //Библио- Пульс.-Б., 2008.-№1-2.-5-9-б.

11. Кольбаева А.Р. Первый Бишкекский библиотечный форум: Библиотеки вузов Кыргызстана: содружество через образование // Библио-Пульс.-Б., 2008-№1-2- с.38-39.

12. Мешалкина Ю. Все информресурсы в одном проекте // Библиотека. –М., 2010.-№5-с.61-65.

13. Логинов Б. Информационно-библиотечная сеть либнет: третье десятилетие развития // Библиотека. –М., 2011.-№2 - с.9-21.

14. Нерсо А. Всемирная паутина и образовательная среда. Интернет - технологии в помощь студентам и преподавателям // Библиотека. –М., 2011.-№8- с.47-49.